DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Абдуллаев Д.Ш., Коргонбекова Н.Т.*

# ЧАТКАЛ ТОПОНИМДЕРИНИН ИЗИЛДЕНИШИ

*Абдуллаев Д.Ш., Коргонбекова Н.Т.*

# ИЗУЧЕНИЕ ТОПОНИМОВ ЧАТКАЛА

*D.Sh. Abdullaev, N.T. Korgonbekova*

# THE LEARNING OF CHATKAL TOPONYMS

*УДК: 81.373.217*

*Макалада тарыхый жактан Түштүк Кыргызстандын социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүү тарыхында Кыргызстандын азыркы Жалал-Абад облусуна караштуу Чаткал административдик аймагы кылымдар чегинде маданий жактан гана өзүнүн абалын өзгөртүү менен чектелбестен, тилдик планда да көп өзгөрүүлөргө дуушар болгондугу, Чаткал аймагы биздин эрага чейинки II кылымдарда эле адам баласы тарабынан өздөштүрүлө баштагандыгы, Совет доорунда Аксы, Чаткал райондорундагы археологиялык табылгалар Чаткал топонимиясына, географиялык жана ареалдык тарыхына жаны табылгаларды бергендиги,ошондой эле Чаткал чөлкөмү, анын ичинде азыркы Чаткал тоо кыркасынын чектери кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн ордосу жана Улуу Жибек Жолунун маанилүү факты-материалдарга бай тармагы болуп саналгандыгы, өткөн кылымдын экинчи жарымына чейинки аралыкта кыргыз топонимикасын изилдөө иши окумуштуулар тарабынан колго алынган деп айтуу кыйынчылык туудурары, анткени 60-жылдардан кийин гана кыргыз топонимикасын үйрөнүү бир аз жанданганы, айрым географиялык аттардын чыгышына арналган С.У. Омурзаковдун, Б.О. Орузбаеванын, Ж. Мукамбаевдин, Ү. Асаналиевдин, К. Матикеевдин, С.Байгутиевдин жана башкалардын макалалары жарык көргөндүгү, Кыргыз гидронимиясы Н.П. Бутенконун жана Д.Исаевдин эмгектеринде (диссертациялык) толугураак чагылдырып, кээ бир олуттуу маселелери жөнгө салынышы, азыркы Чаткал өрөөнүндөгү топонимдердин аталышы жана изилдениши тууралуу маселелер каралат.*

***Негизги сөздөр:*** *топоним, топонимия, ономастика, гидроним, урбоним, хороним, тилдик катмар, тилдик лексика, топонимикалык семантика, тилдик ареал,*

*В статье отмечается, что в истории социально-экономического и культурного развития юга Кыргызстана Чаткальский административный район Джалал-Абадской области Кыргызстана на протяжении веков претерпевал изменения не только культурно, но и лингвистически. Археологические находки в Аксыйском и Чаткальском районах в советское время предоставили новые открытия в чаткальской топонимии, географической и ареальной истории. Сложно сказать, что изучение кыргызской топонимии велось учеными до второй половины прошлого века, и лишь несколько лет спустя изучение кыргызской топонимии активизировалось. Работы С.У. Омурзакова, Б.О. Орузбаева, Ж. Мукамбаева, У.Асаналиева, К. Матикеева, С. Байгутиева и.др. посвящены происхождению некоторых географических названий. В работы (диссертации) Д. Исаева и Н.П. Бутенко Кыргызгидронимия более подробно отражено решение некоторых важных вопросов, относящихся к изучению топонимов современной Чаткальской долины.*

***Ключевые слова:*** *топоним, топонимия, ономастика, гидроним, урбоним, хороним, языковой слой, языковая лексика, топонимическая семантика, языковое пространство.*

*The article notes that in the history of the socio-economic and cultural development of the south of Kyrgyzstan, the Chatkal administrative region of the Jalal-Abad region of Kyrgyzstan has undergone changes not only culturally, but also linguistically over the centuries. Archaeological finds in the Aksy and Chatkal regions during the Soviet era provided new discoveries in Chatkal toponymy, geographical and areal history. It is difficult to say that the study of Kyrgyz toponymy was carried out by scientists until the second half of the last century, and only a few years later the study of Kyrgyz toponymy became more active. The works of S.U.Omurzakova, B.O. Oruzbaeva, J.Mukambaeva, U.Asanalieva, K.Matikeeva, S. Baigutieva and others are devoted to the origin of some geographical names. In the dissertation of D. Isaev and N.P. Butenko Kyrgyz hydronymy more detail reflects the solution of some important issues related to the study of toponyms of the modern Chatkal valley.*

***Key words:*** *toponym, toponymy, onomastics, hydronym, urbonym, buronym, linguistic layer, linguistic vocabulary, toponymic semantics, linguistic space.*

Чаткал районунун топонимиясына кайрылышкан Н.М.Семенов Тянь-Шанский, Н.И. Пржевальский (Пржевальский Н.М. От Кяхты на истоки Желтой реки. Исследование северной окраины Тибета. Путь через Лоб-нор по бассейну Тарима. Москва, 1948. 313 с.), В.В. Радлов [18] жер-суу аталыштарына тарыхый фактылар катарында таянышкан. Тарыхый жактан Түштүк Кыргызстандын социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүү тарыхында Кыргызстандын азыркы Жалал-Абад облусуна караштуу Чаткал административдик аймагы кылымдар чегинде маданий жактан гана өзүнүн абалын өзгөртүү менен чектелбестен, тилдик планда да көп өзгөрүүлөргө дуушар болгон.

Чаткал аймагы биздин эрага чейинки II кылымдарда эле адам баласы тарабынан өздөштүрүлө баштагандыгы илимпоздор тарабынан айтылган [4, 34]. Совет доорунда Аксы, Чаткал райондорундагы археологиялык табылгалар Чаткал топонимиясына, географиялык жана ареалдык тарыхына жаны табылгаларды бере алган. Ошондой эле Чаткал чөлкөмү, анын ичинде азыркы Чаткал тоо кыркасынын чектери кыргыз

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



мамлекеттүүлүгүнүн ордосужана Улуу Жибек Жолунун маанилүү факты-материалдарга бай тармагы болуп саналат.

Чаткал топонимиясынын калыптануу тарыхындагы объективдүү шарттар макаланын негизги тутумун ээлеп жана түрк жана иран катмарына кирген топонимдер Улуу Жибек Жолунун эстелиги боло тургандыгын айта кетишибиз зарыл. В.В. Бартольд Улуу Жибек Жолуна тиешелүү топонимдердин Чаткал жана анын аймагында арбын экендигине токтолуп, археологиялык табылгалар азыркы мезгилге чейин толук изилденбеген деген оюн ачыктайт. Анткени байыркы түрк жана иран тилдеринен калган топонимдер Улуу Жибек Жолунун курулушуна кыргыз элинин активдүү катышкандыгынан кабар бере алат [2,89].

В.Бартольд тарыхый иликтөөлөрүндө айрым бир тарыхчылардын божомолдоолоруна карабастан, жалпы Кыргызстанда, Чаткал административдик чөлкөмүндө кыргыз уруулары отурукташкандыгы баса белгилеген. Мындай көз караш белгилүү топонимисттер М. Мурзаев, А. Абдрахманов жана С. Умурзаков тарабынан колдоого алынган. Ошондой эле окумуштуу аталган аймакта кыргыз урууларынын маанилүү социалдык курулуштарды курушкандыгын жана иран тилиндеги элдердин кыргыз маданиятын жана тилин кабыл ала баштагындыгын белгилеген. Мына ошондуктан **Бидан, Ават, Сымар** сыяктуу топонимдер пайда болгон деп белгилейт [14].

Кыргыз элинин башка элдер менен жүргүзгөн карым-катнаштары, этникалык байланыштары жөнүндө жер-суу аттары аркылуу арбын кабар берилет. Мисалы, **Зумур, Селкен, Жумур, Чох, Аптар, Сафед, Падек** топонимдери иран тилдүү элдер менен кыргыздардын алакасын чагылдырган тилдик маанилүү жана тарыхый эстелик. Топонимдерде кыргыз элинин байыркы мезгилдериндеги материалдык маданиятын чагылдырган аталыштар, көркөм сүрөттөөлөр да айкын чагылат. Мисалы, **Чырайлуу, Жарык, Жылма, Зорколот** ж. б. Мындай топонимдерде кыргыз элинин жашоо-турмушунда пайдаланышкан материалдык маданиятынын табылгаларын, жетишкендиктеринин тилдик лексикада чагылдырылышы, маселен, заттык түшүнүктөрдүн, нерселердин, буюм-терим, процесстик түшүнүктөр, кубулуштар, көрүнүштөрдүн аталыштары компонент катарында сакталган. Мындай азыркы илимий багытта маанилүү болгон фактылар А. Аристов, Д. Исаев жана К. Конкобаев тарабынан баса белгиленген. Ала турган болсок азыркы Чаткал топонимиясында маанилүү компонент катарында кызмат аткарган тополексемалар аталган окумуштуулар тарабынан кылдат талдоого алынган. Айрыкча К.Конкобаев айры, алыш же болбосо эки башка агымга ажыраган дарыялардын аталыштарын камтыган Айры-Там, Ача-Суу, Жиктеме сыяктуу топонимдердеги атрибутивдик компоненттер боюнча төмөндөгүдөй мүнөздөмө берген: “эки ача, бөлүктөн турган агым жана дарыянын же болбосо суунун эки айрылыш жери кыргыз тилинде айры, айыр, айрык сөздөрү аркылуу берилери бышык. Ал эми географиялык аталыштардын составында болсо “тоодогу колот, тоолуу аймактагы эки агымдын кошулган жери жана тоолуу өрөөндүн эки башка колотко ажыроосу, же болбосо эки тайпак тоонун кошулушу” деп түшүндүрөт аталган окумуштуу өз изилдөөсүндө [6]. Ал эми Чаткал топонимиясындагы морфемалык жактан татаалдашкан ***айрык, айрычак*** жана ***ажырым*** компоненттери белгилүү лингвист В.В. Радлов тарабынан жогоруда биз сөз кылган топонимикалык семантикага жакын маанилерде берилген [18]. Ал эми Э. Мурзаев тарабынан болсо негизинен “бир өзөндүн өз алдынча агымга ээ болуусу, бөлүнүшү” катарында ачыкталган [12]. Мисалы, ***Айрылыш, айрыма, Ажырык, Айрылгын, Айры-Саз, Айры-Баш, Айрыч-Таш, Айрылышкан, Айры-Тал, Айрык, Айрык-Таба, Айрамык, Айранчала, Айрычат*** ж.б. Чаткал жер-суу аталыштары кыргыз элинин байыркы кездердеги турмушун, каада-салттарын изилдөөдө өтө маанилүү маалыматтарды берери шексиз.Чаткал тоо кыркаларын жердеген элдердин, Чаткал районунун чөлкөмүндө орто кылымдарда болгон тилдик реалдуу шарттардын жана иран тилдик катмарынын субстраттык катмар катарында калыптанышы, биринчи кезекте, кыргыз элинин тарыхындагы олуттуу тарыхый жагдай менен айырмаланат. Албетте кыргыз элинин иран тилинде сүйлөгөн элдер менен карым-катнашта болгондугу жана кыргыз мамлекетинин курамында иран тилинде сүйлөгөн элдердин жашагандыгы азыркы күндө тарыхый чындык. Мындай маанилүү этап Б.М. Юнусалиевдин, Б. Орузбаеванын жана Э. Абдуллаевдин эмгектеринде каралат.

Белгилүү тарыхчылар С.М. Абрамзон, В.В. Бартольд, А.Н. Бернштам түрк тилдүү элдер менен **иран** тилинде сүйлөгөн уруулардын байыркы мезгилден тартып эле соцалдык-экономикалык карым-катнашы менен бирге алардын ортосунда болгон тилдик алаканы белгилешкен жана жүйөлүү далилдерди келтиришкен. С.М.Абрамзон жалпы эле Борбордук Азияда кыргыз эли негизги тилдик ареал болуп саналарын белгилөө менен бирге кыргыз тилинин башка тилдер менен болгон байланышын, айрыкча, Кыргызстандын чегинде тилдик ареалдын пайда болуу негиздерин биздин доордун алгачкы кылымдарына алып барат. Ала турган болсок окумуштуу төмөнкүдөй баяндайт:

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



"кыргыздардын этникалык жактан калыптануу тарыхына кызыгуунун басандабай келиши бүгүнкү күндө кыргыздардын түпкү тегинин жана алардын байыркы бабаларынын тарыхтын байыркы жана орто доорундагы уруулардын жана элдердин тагдырына тийгизген күчтүү таасири менен байланышкан. Аталган көйгөйдүн азыркы мезгилде гана колго алынып жаткандыгынын себеби, бул учурга дейре илимий чөйрө ишенимдүү далилдер менен жабдылбай келсе, бүгүнкү күндө жогоруда биз сөз кылган маселе илимий жактан так жана бекем кыртышка ээ болду деп айтууга толук болот" [1]. Албетте, илимпоз тарабынан белгиленген кыртыш кылым карыткан жер-суу аттары экендигин эсибизден чыгарбообуз керек. Анткени В.В. Радлов, А. Аристов жана В. Бартольд тарабынан көп жолу белгиленген ***Арым, Аракол*** жана ***Аркыт*** топонимдери Алтай тоолуу аймагында, Тува жана Хакас республикаларынын чегинде азыркы мезгилде дейре өз маанисин жоготпой келгендиги менен да тарыхый лингвистикада баалуу экендигин унутпообуз керек.

А.Н.Бернштам азыркы Чаткал тоо кыркаларын жердеген элдердин калыптануусунда, райондордун курулушунда жана ар тараптуу жүргүзүлгөн казууларда табылган археологиялык эстеликтердин кыргыз элинин тарыхында кайталангыс орду бар экендигин аныктоо менен биргеликте эле түрк урууларынын социалдык орду Кыргызстандын чөлкөмүндө өзгөчө болгондугун көрсөтөт. Окумуштуу карапанын сыныктарына жазылып калтырылган сөздөрдүн түрк урууларынын тилинде экендигинен шек санабайт. Бул жобого өз изилдөөлөрүндө Н.Жапаров жана К.Конкобаевдер негизги далил катарында таянышкан. Алсак, А.Н.Бернштам өз пикирин мындайча билдирет: "Чүй өрөөнүндө түрк тилдүү уруулар менен согдулар жанаша отурукташкан. Аталган элдердин чектеш доор сүргөндүгүн тогузунчу кылымда Махмуд Кашгари белгилеген жана түрк уруулары тарабынан согдулар асссимиляциялангандыгын билдирет. Арийне мындай синтездин эн бир жеткиликтүү көрсөткүчү катарында Красная речка деп аталган урандылар ордосунан табылган кумуралардагы согду графикасы менен аткарылган түрк сөздөрү кепил боло алат» [3]. Мындан түрк урууларынын анын ичинде кыргыз урууларынын Кыргызстанда болгон үстөмдүгүн байкоого болот.

Бирок азыркы күнгө чейинки Кыргызстандын топонимиясы боюнча изилдөөлөрдө ошондой эле кыргыз лексикасы боюнча эмгектерде иран катмары алгачкы тарыхый катмар катарында белгиленет. Мындай пикирди Д. Исаевдин жана К.К.Конкобаевдин изилдөөлөрүндө жолуктурууга болот. Ошондой эле кыргыз тилинин лексикасындагы иран катмарына академик Б.Ө.Орузбаева да токтолуп, ири көлөмдөгү лексикалык бирдиктер кылымдар бою болгон социалдык-экономикалык жана тилдик карым-катнаштын негизинде өздөштүрүлгөндүгүн айтат [17]. Ал эми азыркы Чаткал топонимиясында иран тилинен кабыл алынган топонимдер көлөмдүү катмарды түзөт. Алсак, ***Аптар, Абышар, Нооруз, Шапаркана, Шакафтар, Ланган, Лангар, Бинар, Хамал, Гузар, Хумкалар, Чамалы, Дара, Даракала, Шахтар, Шахибадам, Кондужар, Рават, Суукана, Падар, Параз*** ж. б. Биз жогоруда токтолуп өткөндөй кыргыз топонимиясындагы тарыхый катмарлардын изилдениши 1940-жылы Э.Мурзаевдин Бүткүл Союздук география коомунун кабарларында жарык көргөн (72-том, 3-чыгарылышы) "Тянь-Шань кыргыздарынын географиялык терминологиясына жана номенклатурасына карата" [11] деген макаласында орун алган. Бирок аталган окмуштуунун эмгектеринен алда канча мурда Махмуд Кашгарийдин жана араб изилдөөчүлөрүнүн эмгектери жазылгандыгын биз билебиз.

Кыргыз топонимиясы Н.П.Бутенконун, Д.Исаевдин жана К.Конкобаевдин эмгектеринде (диссертациялык) толугураак чагылдырылып, кээ бир олуттуу маселелери чечмеленди. К.Коңкобаевдин "Түштүк Кыргызстандын топонимиясы" [6] деген эмгегинде Түштүк Кыргызстандагы жер-суу аттарын талдоого алуу менен, Чаткал районунда арбын жолугуучу географиялык аттарга да кайрылып, айрымдарынын этимологиялык структуралык түзүлүшүнө көңүл бурган. Бирок мунуменен эле Кыргызстандын жер-суу аттары толук изилденди деп айтууга болбойт. Чаткал районунун территориясында эч бир эмгектерде сөзгө алынбаган чоң, кичине суу объектилеринин аттары бар. Аларды изилдөө маселеси тил илими үчүн да, -география илими үчүн да, ошондой эле аймак таануу-да да зор мааниге ээ болмок. Анын үстүнө Чаткал топонимиясы географиялык, тилдик жактан да өзгөчөлүктөргө ээ. Бул өзгөчөлүктөр сөзсүз топонимдерде да чагылдырылган.

Н.П. Бутенко биринчилерден болуп Кыргызстандагы орус топонимдеринин сөз түзүү структурасы, орус-кыргыз тилдеринин энчилүү аттардагы айкалышы, орус-кыргыз топонимдеринин калкаланышы - сыяктуу проблемаларды көтөрдү. Ал эми Д. Исаев өзүнүн эмгегинде алгачкылардан болуп кыргыз топонимиясын катмарларга ажыраткан. **Түрк, иран, монгол** тилдеринен кирген топонимдердин маанисин чечмелеп, иран катмарынын келип чыгышын бир кыйла терең изилдеген. Монгол катмарын ар тараптуу изилдеп, ага арналган өзүнчө макаласын жарыялаган. Айрыкча ***сар*** компоненти негиз болуп уюшулган

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



топонимдер өтө негиздүү изилденген. Түндүк Кыргызстандын топонимиясын структуралык жана лексико-семантикалык жактан терең жана илимий талдоого алгандыгын белгилөөгө болот. Айтып кете турган жагдай окумуштуу иликтөөгө алган топонимдер Түштүк Кыргызстанда деле арбын жолугат. Диссертациялык эмгегинин негизинде жазылган китеби 1977-жылы "Мектеп" басмасы тарабынан жарык көргөн. Автор бул китебинде кыргыз топонимиясына, анын ичинде топонимдерге арналган бардык адабияттарга көз жүгүртүп, тиешелүү жыйынтык жана жалпылоосун айткан [5]. К.Коңкобаевдин изилдөөлөрү жана жарык көргөн эмгектери кыргыз топонимиясын кыйла толуктады жана ***стратиграфия маселеси*** күн тартибине коюлду. Аталган окумуштуу Түштүк Кыргызстандагы жер-суу аттарын талдоого алуу менен, Чаткал районундагы географиялык аттарга да кайрылып, айрымдарынын этимологиялык структуралык түзүлүшүнө көңүл бурган. Аларды изилдөө маселеси тил илими үчүн да, география илими үчүн да, ошондой эле край таануууда да зор мааниге ээ боло тургандыгын аталган окумуштуу туура көрсөткөн. Анын үстүнө Түштүк Кыргызстан географиялык, тилдик жактан да өзгөчөлүктөргө ээ жана Чаткал топонимиясындагы сакталган жер-суу аталыштары мындай тарыхый тенденцияны таасын чагылдырган массив болуп саналат. Бул өзгөчөлүктөр сөзсүз топонимдерде ар түрдүү компоненттер аркылуу да чагылдырылган. Түштүк Кыргызстандын аймагындагы ономастикалык маалыматтар өзүнүн уникалдуу, кайталангыс лингвистикалык көрүнүш болгондугу менен түрк тилдеринин (анын ичинде кыргыз тилинин) топонимдеринин терең сырын өз ичине сактап келе жатат. Жалпылап айтканда, Түштүк Кыргызстандын топонимиясындагы стратиграфиялык проблеманы жана тарыхый тилдик катмарларды Д.Исаев, Ш.Жапаров, К.Конкобаев, Н.Жапаров жана М.Шамшиева алгылыктуу изилдешкен.

**Адабияттар:**


1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. - Ф., 1990. 479 б.
2. Бартольд В.В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. - Б., 1996. 608 б.
3. Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана I. - Б., 1997. 560 б.
4. Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана II. - Б., 1998. 704 б.
5. Исаев Д. Жер-сууаттарынын сыры. - Фрунзе 1977 г. 159 б.
6. Конкобаев К. Топонимия Южной Киргизии. - Ф., 1980. 309.
7. Конкобаев К. Отражение некоторых диалектных особенностей в топонимии Киргизии / Тюркологические исследования. - Ф., 1983.150 б.(57-66).
8. Мурзаев Э.М. Апелятивы в топонимах средней Азии // Ономастика Средней Азии. - Ф.,1980. 309б (198-211).
9. Мурзаев Э.М. Географическая ориентация у тюрко-монгольских народо в/ Топонимика СССР. - М., 1990. (3-11).
10. Мурзаев Э.М. География в названиях. Москва 1982.176 б.
11. Мурзаев Э.М. Избранная тюркская географическая лексика // Ономастика востока. М., 1980. 286б. (стр.72-87).
12. Мурзаев Э.М. Оронимия внутренней Азии // Оронимия. - М., 1969.69б. (35-38).
13. Мурзаев Э.М. Словарь народных географических терминов. М., 1984г.653б.
14. Мурзаев Э.М. Топонимика–популярная (географические названия). М., 1973.64б.
15. Мурзаев Э.М. Топонимика Синьцзяна // Топонимика Востока, М., 1962.211б.(15-22).
16. Мурзаев Э.М. Центрально азиатские топонимические миниатюры // Топонимика Востока (новые исследования). М., 1964.228б.(3-13).
17. Орузбаева Б.О. О лексическом составе киргизского литературного языка//Тюркологические исследования (Сборник статей, посвященный 80-летию академика Константина Кузьмича Юдахина) 261 б.(182-206).
18. Radloff W. Sibirya´dan II. Istanbul, 1994. 331б.
19. Абдуллаев Д.Ш. Лингвистическая картина мира и оронимия древнего Чаткала в горной системе Тянь-Шань. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2017. №. 11. С. 254-255.